КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА ХАН-ТЕНИРИ

---

Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 18- сессиясы

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 22-майы** **№ 24** **Ново-Вознесеновка айылы**

## Хан-Теңири айыл аймагында мыйзамсыз курулуштарга, мыйзамсыз жер басып алгандарга карата жасалып жаткан иштер жөнүндө

Хан-Теңири айыл аймагында мыйзамсыз курулуштарга бөгөт койуу, мыйзамсыз жер басып алгандарга карата жасалып жаткан иштер боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын негизинде **жергиликтүү кеңеш токтом кылат:**

1. Хан-Теңири айыл аймагында мыйзамсыз курулуштарга, мыйзамсыз жер басып алгандарга карата жасалып жаткан иштер белгиленсин.
2. Хан-Теңири айыл аймагындагы айылдарда мыйзамсыз курулуштарга, мыйзамсыз жер басып алгандарга жана жерлерди курчап алгандарга карата иштер күчөтүлсүн.
3. Кызыл сызыктан чыгып кеткендер, кызыл сызыкка кашаа кармап алгандар менен мыйзам чегинде иш жүргүзүү Хан-Теңири айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго милдеттендирилсин.
4. Бул токтом МКК жарыялагандан кийин Ысык-Көл облустук юстиция башкармалыгына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
5. Токтомду аткарууга алуу Хан-Теңири айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго, токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жер, айыл чарбасы, жайыт, курулуш, архитектура жана экология боюнча туруктуу комиссияга жана мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссияларга жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**